ТалМУнун Окумуштуулар
кеңешинде каралып,
**жактырылды**
Протокол № 11
«25» июня 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
ТалМУнун ректору техн.и.д.,
профессор Ж.С. Шаршембиев
______________________
«____» ____________ 2025-ж.

**Талас мамлекеттик университетинин колледждеринде билим алуучуларды учурдагы жана орто аралык аттестациялоо, академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу тартиби жөнүндө**

# ЖОБО

**Талас – 2025**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарында учурдагы жана орто аралык аттестациялоо жана академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу боюнча типтүү жобонун негизинде иштелип чыгып, Талас мамлекеттик университетинин (мындан ары – **ТалМУ**) колледждери үчүн милдеттүү локалдык акт болуп саналат.
2. Билим алуучуларды учурдагы жана орто аралык аттестациялоо – окуу материалдарын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык өздөштүрүүнү контролдоонун негизги механизми.
3. Учурдагы контролдоо семестр ичинде өткөрүлүп, модулдар, оозеки сурамжылоолор, контролдук иштер, семинардык тапшырмалар жана өз алдынча иштер аркылуу жүргүзүлөт.
4. Орто аралык аттестациялоо – семестр аягында экзамендер түрүндө өткөрүлүүчү милдеттүү контролдоо.
5. ТалМУнун колледждери учурдагы жана орто аралык аттестациялоонун формаларын, мөөнөттөрүн жана тартибин өз алдынча аныктайт. Маалымат семестр башталганга чейин билим алуучуларга жеткирилет.
6. Экзамендер билим алуучунун жалпы ишин, теориялык жана практикалык даярдыгын баалоонун негизги формасы болуп саналат.
7. ТалМУнун колледждеринде **Модулдук-рейтингдик баалоо системасы (МРБС)** колдонулат. Ар бир дисциплина 100 баллдык система менен бааланат.
8. Факультативдик дисциплиналар боюнча экзамендер билим алуучунун каалоосу боюнча тапшырылат.
9. Өзгөчө билим берүү муктаждыгы бар билим алуучулар үчүн индивидуалдык тапшырмалар берилип, атайын шарттар түзүлөт.

## 2. Орто аралык аттестациялоо тартиби

10. Орто аралык аттестациялоо ТалМУнун колледждеринин окуу процессинин жылдык графигине ылайык өткөрүлөт.
11. Учурдагы контролдоо боюнча 30 баллдан жогору жыйынтык алган билим алуучу орто аралык экзаменди тапшырууга уруксат алат.
12. Жүйөлүү себептер менен (оору, 3 жашка чейинки балдары болсо, үй-бүлөлүк шарттар, узак кызматтык иш сапарлар жана табигый кырсыктар ж.б.) экзаменге катышпай калган студентке тастыкталган документти тиркөө менен арыздын негизинде жекече экзамен тапшырууга колледж директору же директордун орун басары уруксат берет.
13. Экзаменге келгенде билим алуучу милдеттүү түрдө зачеттук китепчесин көрсөтөт.
14. Экзаменди лекция жана практикалык сабактарды өткөргөн окутуучулар жана экзаменатордун ассистенттери кабыл алышат.
15. Курстук иштер, эсептик-графикалык иштер, практиканын отчеттору бөлүм тарабынан түзүлгөн комиссия тарабынан корголот.
16. Баалоо ТалМУ белгилеген баллдык система менен жүргүзүлөт жана төмөнкү салттуу бааларга которулат: «Эң жакшы», «Жакшы», «Канааттандыраарлык», «Канааттандыраарлык эмес».
17. ТалМУ колледждери типтүү жобого ылайык кредиттик рейтингдик шкаланы өздөрү бекитет.

Баалоо шкаласы

1-таблица

| Кредиттик баалоо системасы (Колледждин кароосу боюнча) | | | Салттуу система боюнча баалоо |
|---|---|---|---|
| Баллдар | Тамгалык система боюнча баалоо | Сандык эквивалент | |
| 93-100 | A | 4.00 | Эн жакшы |
| 90-92.99 | A- | 3.67 | |
| 87-89.99 | B+ | 3.33 | Жакшы |
| 83-86.99 | B | 3.00 | |
| 80-82.99 | B- | 2.67 | |
| 77-79.99 | C+ | 2.33 | Канааттандырарлык |
| 73-76.99 | C | 2.00 | |
| 70-72.99 | C- | 1.67 | |
| 67-69.99 | D+ | 1.33 | |
| 63-66.99 | D | 1.00 | |
| 60-62.99 | D- | 0.67 | |
| 00-59.99 | F | 0.00 | Канааттандырарлык эмес |
| - | P | Орто жалпы баллды эсептөөдө эске алынбайт | Зачет |
| - | NP | | Зачеттолгон жок |
| - | I | | Жүйөлүү себептер боюнча дисциплинанын бардык талаптарын аткарган жок. |
| - | W | | Милдеттүү эмес дисциплинарды өз каалоосу менен угуудан баш тарткан. |
| - | AU | | Дисциплинага угуучу катары катышкан. |

I - эгерде билим алуучу документ менен ырасталган жүйөлүү себептер (оору, үй-бүлөлүк жагдай) менен курстун бардык талаптарын аткарбаса коюлат. Колледждин белгилеген мөөнөттүн ичинде билим алуучу курстун бардык талаптарын аткарууга укуктуу, андан кийин баа өзгөртүлөт.

W - эгерде билим алуучу семестрдин алтынчы жумасынан кечиктирбестен дисциплинадан баш тартууну чечсе коюлат. Тандоо боюнча дисциплиналарга гана жайылтылат.

AU - эгерде билим алуучу кошумча дисциплина боюнча сабактардын кеминде 80% угуучу катары уккан болсо коюлат.

Канааттандырарлык эмес баа алган учурда документ менен ырасталган жүйөлүү себеп боюнча (оору, үй-бүлөлүк жагдай ж.б.) курстун талаптарын аткарбаган учурларды кошпогондо, билим алуучунун орто аралык аттестациялоодон кайталап өтүүсүнө жол берилбейт.

Жетишкендиктеринин жыйынтыгы боюнча билим алуучунун орточо баллы (GPA - Grade Point Average) эсептелет, анын максималдуу мааниси 4,0 баллды түзөт. Билим алуучунун орточо салмактанып алынган баасы ар бир семестрде жана окууну аяктагандан кийин окутуунун жыйынтыктарынын натыйжасы боюнча эсептелет.

18. Экзамендердин формасы жана критерийлери колледж тарабынан аныкталат.

19. Колледж жетекчилигинин уруксатысыз тиешеси жок адамдар экзаменге киргизилбейт.

20. Дисциплина бир нече окутуучу тарабынан окутулса, экзамен бардыгынын катышуусу менен кабыл алынат жана бирдиктүү баа коюлат.

21. Экзамендин жыйынтыгы ведомостко киргизилет. Келбей калган учурда «келген жок» деп белгиленет.

22. Расписание экзамендер башталганга чейин 2 жума мурун жарыяланат.

23. Экзамендик сессиянын жыйынтыктары педагогикалык кеңеште талданат.

## 3. Академиялык карыздарды жоюу тартиби

24. Экзаменден «канааттандырарлык эмес» баа алган билим алуучу академиялык карызы бар деп эсептелет.

25. Экзамендик сессия маалында кайра тапшырууга уруксат берилбейт.

26. Жазуу жүзүндө экзаменден канааттандырарлык эмес баа алган учурда билим алуучу үч жумуш күн ичинде апелляция бере алат. Комиссиянын курамы 3 мүчөдөн кем болбошу керек. Комиссиянын чечими акыркы болуп саналат.

27. «Канааттандырарлык эмес» баа алган билим алуучу:

- дисциплинага кайра катталып,
- сабакка толук катышып,
- кайра экзамен тапшыруу менен карызды жоюга мүмкүнчүлүк алат.

28. Экзамендик ведомостко экзаменатор, ассистент, дисциплина, дата ж.б. толук маалымат жазылат.

## 4. Кредиттерди топтоо системасы

29. Окутуунун кредиттик технологиясы (ОКТ) – дисциплиналарды жеке тандоого жана академиялык кредиттерди топтоого негизделген окутуу системасы.

30. ОКТ ар бир билим алуучунун жеке билим берүү траекториясын түзүүнү камсыз кылат.

31. Колледждеги окуу процесси төмөнкүлөрдүн негизинде уюштурулат:

- базалык окуу планы;
- жумушчу окуу планы;
- билим алуучунун жекече (индивидуалдуу) окуу планы.

32. Жеке билим берүү траекториясы дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстери (силлабустар, лекциялар, тапшырмалар, экзамендик суроолор ж.б.) аркылуу камсыздалат.

33. Колледж дисциплинаны ачуу үчүн минималдуу жана максималдуу билим алуучулардын санын өз мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аныктайт.

34. Дисциплиналардын эмгек сыйымдуулугу академиялык кредиттер менен көрсөтүлөт.
1 кредит = 30 академиялык саат. Окутуунун кредиттик системасы боюнча академиялык саттын узактыгы 40–50 мүнөт чегинде белгиленет.

35. «Дене тарбия» дисциплинасынан тышкары бардык дисциплиналарага кредиттер ыйгарылат.

36. Билим алуучунун жекече планындагы академиялык кредиттердин саны жылына 60 түзөт. Академиялык кредиттердин саны бир семестрде 15тен кем эмес жана 45тен ашык эмес белгиленет. Мында окуу үчүн акы төлөө өлчөмү өздөштүрүлгөн академиялык кредиттердин санына пропорционалдуу эсептелет.

37. Окутуунун нормативдик мөөнөтүнөн ашкан максималдуу окуу мөөнөтү колледж тарабынан белгиленет.

38. Жекече окуу планында дисциплиналардын тизмеси жана аларды өздөштүрүүнүн ырааттуулугу семестрге же окуу жылына карата аныкталат.

39. Жекече окуу пландары окуу бөлүмү тарабынан таризделет жана алардын негизинде окуу топтору түзүлөт.

40. Эгер дисциплина бир нече окутуучу тарабынан окутулса, билим алуучу окутуучуну тандоого укуктуу.

41. Кредиттик система академиялык кредиттерди топтоо принциптерине негизделет.

42. Билим алуучуларды курс артына өткөрүү жүргүзүлбөйт; окутуу топтолгон кредиттердин негизинде улантылат.

43. Окуу жылы топтолгон академиялык кредиттердин негизинде аныкталат. Бир окуу жылынын толук окуу жүктөмү 60 академиялык кредитке туура келет.

## 5. Корутунду жобо

44. Жободогу өзгөртүүлөр жана толуктоолор педагогикалык кеңеш тарабынан сунушталып окумуштуулар кенешинин чечими жана ректордун буйругу менен киргизилет.

45. Бул Жобо ТалМУнун окумуштуулар кенешинин чечими жана ректордун буйругу менен күчүнө кирет.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

| | |
|---|---|
| ОИ иштер боюнча проректор,<br>ОУКтун төрагасы | А.К.Сурапов |
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Г.Ж.Турсалиева |
| Педагогикалык колледждин директору | А.А.Кумашова |
| ГЮКтун директору | А.Ж. Шакиева |
| АБжТКнын директору | Ж.Т.Ташматова |
| МТТжЭКтин директору | Л.А.Сатаева |